**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

## январь-декабрь

**Айлык чыгарылыш**

**Бишкек - 2025**

## Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы

Редакциялык-басмалык кеңеш:
Төрага - Б. Кудайбергенов
Мүчөлөр: - Н. Керималиева
З. Жумалиев
Б. Шокенов
- М. Эшкожоев
- Ч. Турдубаева
- В. Бирюкова
Э. Исенкулова

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 374; телефон: 996 (312) 625662;
факс: 66-01-38; магниттик: www.stat.gov.kg ;
e-mail: nsc_mail@stat.kg;
Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Жыйынтыктоо иштери,коммуникациялык жана статистикалык маалыматтарды жайылтуу бөлүмү

***Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы оперативдүү маалыматтардын негизинде 2024-жылдын январь-декабрында өлкөнүн экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы: 27 нуска.

Басылма электрондук сактагычтарда да бар.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү ("Расмий статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2024-жылдын 20-январь .

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;
. . . маалымат жок;
0,0 көрсөткүчтүн мааниси өлчөөнүн бирдигинен аз.

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М а з м у н у

**1. Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү 5**

**2. Сектордук баян 6**

**Реалдуу сектор 9**

**Мамлекеттик сектор 54**

**Социалдык сектор 68**

**3. Региондук дүӊ продукт 75**

**4. Экономиканын энергия сарптоосу (энергия жана электр сыйымдуулугу) 76**

**5. Эмгек өндүрүмдүүлүгү 77**

**6. Кыргыз Республикасындагы байкоо жүргүзүлбөгөн экономиканын параметрлери 79**

**Тиркеме 158**

**I. Реалдуу сектор 159**

**II. Тышкы сектор 178**

**III. Социалдык сектор 192**

## 1-таблица: Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү

| | 2024 январь-декабры | 2024 январь-декабры 2023 январь-декабрына карата пайыз менен | 2024 декабры пайыз менен | | Маалымдоо: | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 2023[1] январь-декабры 2022 январь-декабрына карата пайыз менен | 2023[1] декабры пайыз менен | |
| | | | 2023 декабрына карата | 2024 ноябрына карата | | 2022 декабрына карата | 2023 ноябрына карата |
| Ички дүң продукт[2] (алдын ала баалоо боюнча), млн. сом | 1 523 235,8 | 109,0 | - | - | 109,0 | - | - |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү - бардыгы, млн. сом | 585 275,8 | 105,5[3] | 112,4[3] | 115,0[3] | 102,7[3] | 108,6[3] | 101,7[3] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукцияларынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 395 637,1 | 106,3 | 102,9 | 84,0 | 100,6 | 97,9 | 77,8 |
| Негизги капиталга инвестициялар, млн. сом | 250 595,3 | 124,8 | 67,1 | 129,6 | 129,2 | 180,6 | 262,7 |
| Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү, млн. сом | 285 709,7 | 118,0 | 88,5 | 214,9 | 122,7 | 149,4 | 292,3 |
| Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо, млн. сом | 1 706 402,9 | 118,5 | 113,1 | 141,3 | 117,9 | 125,3 | 143,6 |
| Мейманканалар жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү, млн. сом | 55 395,9 | 128,1 | 154,5 | 195,9 | 126,0 | 138,8 | 159,0 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 54 066,3 | 105,9 | 105,7 | 103,0 | 115,3 | 117,0 | 103,8 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү, миң адам | 635 250,3 | 109,8 | 93,8 | 77,5 | 109,8 | 123,1 | 99,5 |
| Керектөө бааларынын индекси мурунку жылдын декабрына карата | 106,3 | 105,0 | 106,3 | 100,9 | 110,8 | 107,3 | 100,3 |
| Кызматкерлердин номиналдык эсептелген орточо айлык эмгек акысы[4], сом | 36 055 | 112,4[5] | 114,9[6] | 96,7[7] | 120,3[5] | 106,5[6] | 97,2[7] |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 50,9 | 75,2 | 99,1 | 101,4 | 90,5 | 79,5 | 86,4 |
| Тышкы соода жүгүртүүнүн көлөмү[8], млн. АКШ доллары | 14 654,9 | 103,7[5] | 80,6[6] | 88,3[7] | 131,1[5] | 160,8[6] | 100,4[7] |
| анын ичинде: | | | | | | | |
| экспорт | 3 465,1 | 121,3 | 99,4 | 92,2 | 139,1 | 215,7 | 105,3 |
| импорт | 11 189,8 | 99,2 | 76,4 | 86,9 | 129,2 | 148,9 | 99,0 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Маалыматтар 2008 жылдагы Улуттук Эсептер Тутумунун эл аралык стандарттарына ылайык эсептелген.
[3] Физикалык көлөмдүн индекси.
[4] 2024-ж январь-ноябры (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[5] 2024-ж. январь-ноябры жана 2023-ж. январь-ноябры мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен.
[6] 2024-ж. ноябры жана 2023-ж ноябры мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен.
[7] 2024-ж. ноябры жана 2024-ж. ноябры мурунку айга карата пайыз менен.
[8] 2024-ж январь-ноябры.

## 2. Сектордук баян

2025-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасынын аймагында иштеп жаткан 801,2 миң юридикалык жана жеке жактардын чарба жүргүзүүчү субъекттери эсептелди. Мурунку жылдын тийиштүү күнүнө салыштырмалуу алардын саны 4,6 пайызга өстү.

**2-таблица: 2025-ж. 1-январына карата аймак боюнча иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъектилер**

| | Бардыгы, миң бирдик | Пайыз менен | |
|---|---|---|---|
| | | мурунку жылдын тийиштүү күнүнө карата | жыйынтыкка карата |
| **Кыргыз Республикасы** | **801,2** | **104,6** | **100** |
| Баткен облусу | 74,6 | 104,2 | 9,3 |
| Жалал-Абад облусу | 139,2 | 103,4 | 17,4 |
| Ысык-Көл облусу | 69,5 | 106,4 | 8,7 |
| Нарын облусу | 59,5 | 99,5 | 7,5 |
| Ош облусу | 197,1 | 102,5 | 24,6 |
| Талас облусу | 40,7 | 105,9 | 5,1 |
| Чүй облусу | 134,1 | 102,5 | 16,7 |
| Бишкек ш. | 62,8 | 122,1 | 7,8 |
| Ош ш. | 23,6 | 112,0 | 2,9 |

Иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъекттердин жалпы санында эң чоң үлүшү (60 пайыздын тегерегинде) айыл чарба, токой жана балык уулочулук чарбасы чөйрөсүндө иштеген чарба жүргүзүүчү субъекттерге туура келет.

**3-таблица: 1-январына карата экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъектилер**

| | Бардыгы | | Пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2023 | 2024 | мурунку жылдын тийиштүү күнүнө карата | жыйын-тыкка карата |
| **Бардыгы** | **765 653** | **801 170** | **104,6** | **100** |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулочулук | 472 283 | 475 066 | 100,6 | 59,3 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 830 | 904 | 108,9 | 0,1 |
| Иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы) | 16 509 | 18 080 | 109,5 | 2,3 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 366 | 401 | 109,6 | 0,1 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 829 | 856 | 103,3 | 0,1 |
| Курулуш | 8 943 | 10 033 | 112,2 | 1,3 |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 131 947 | 155 785 | 118,1 | 19,4 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 39 385 | 39 726 | 100,9 | 5,0 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 15 268 | 16 248 | 106,4 | 2,0 |
| Маалымат жана байланыш | 5 259 | 5 947 | 113,1 | 0,7 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 3 074 | 3 277 | 106,6 | 0,4 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 6 807 | 8 113 | 119,2 | 1,0 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 17 368 | 18 279 | 105,2 | 2,3 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 4 106 | 4 629 | 112,7 | 0,6 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздандыруу | 2 693 | 2 430 | 90,2 | 0,3 |
| Билим берүү | 8 415 | 9 268 | 110,1 | 1,2 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 5 928 | 6 039 | 101,9 | 0,8 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 4 409 | 4 604 | 104,4 | 0,6 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 21 165 | 21 414 | 101,2 | 2,7 |
| Экстерриториалдуу уюмдардын ишмердиги | 69 | 71 | 102,9 | 0,0 |

Чарба жүргүзүүчү субъектилердин түзүмүндө дыйкан (фермер) чарбалары менен жеке ишкерлер басымдуулук кылды.

**4-таблица: 2025-ж. 1-январына карата түрлөрү жана аймагы боюнча иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъектилер**

*(миң)*

| | Бардыгы | анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | чакан | орто | ири | дыйкан (фермер) чарбалары | жеке ишкерлер | башка обочолонгон бөлүмчөлөр |
| Кыргыз Республикасы | **801,2** | **33,0** | **4,5** | **2,0** | **357,1** | **396,1** | **8,6** |
| Баткен облусу | 74,6 | 1,2 | 0,4 | 0,1 | 33,5 | 39,1 | 0,4 |
| Жалал-Абад облусу | 139,2 | 2,4 | 0,8 | 0,3 | 82,2 | 51,9 | 1,7 |
| Ысык-Көл облусу | 69,5 | 1,3 | 0,4 | 0,1 | 17,5 | 49,2 | 1,0 |
| Нарын облусу | 59,5 | 0,7 | 0,3 | 0,1 | 32,7 | 24,8 | 0,9 |
| Ош облусу | 197,1 | 2,8 | 0,7 | 0,2 | 111,3 | 81,2 | 1,0 |
| Талас облусу | 40,7 | 0,7 | 0,2 | 0,1 | 23,5 | 15,5 | 0,6 |
| Чүй облусу | 134,1 | 3,6 | 0,6 | 0,2 | 51,4 | 76,9 | 1,4 |
| Бишкек ш. | 62,8 | 18,6 | 0,9 | 0,7 | 1,3 | 39,9 | 1,3 |
| Ош ш. | 23,6 | 1,7 | 0,2 | 0,1 | 3,7 | 17,6 | 0,3 |

Чарба жүргүзүүчү субъектилердин жалпы санынын ичинен юридикалык жактардын үлүшү 5,1 пайызды же 40,9 миң түздү.

Иштеп жаткан юридикалык жактардын көпчүлүк бөлүгү (83,4 пайызы) чакан чарба жүргүзүүчү субъектилерге туура келет, алардын 56,0 пайызы Бишкек ш. катталган.

Орто жана ири чарба жүргүзүүчү субъектилердин үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша, 11,4 жана 5,2 пайызды түздү.

**5-таблицасы: 2025 ж. 1-январына карата менчиктин түрлөрү боюнча иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъектилер**

| | Бардыгы | | Пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2023 | 2024 | мурунку жылдын тийиштүү күнүнө карата | жыйынтыкка карата |
| **Бардыгы** | **765 653** | **801 170** | **104,6** | **100** |
| алардан: | | | | |
| Мамлекеттик | 8 207 | 8 264 | 100,7 | 1,0 |
| Муниципалдык | 3 840 | 3 636 | 94,7 | 0,5 |
| Жеке | 753 315 | 788 971 | 104,7 | 98,5 |
| Башка | 291 | 299 | 102,7 | 0,0 |

Иштеп жаткан чарбалык субъекттердин жалпы санында менчиктин жеке формасы бар субъектилер басымдуулук кылат.

## Реалдуу сектор

*Өндүрүштүк ыкма* менен эсептелген **ички дүң продукт (ИДП)** алдын-ала баалоолор боюнча 2024-ж. январь-декабрында 1,5 трлн. сомдон ашып, 2023-ж. январь-декабрына салыштырмалуу 9,0 пайызга жогорулады.

**6-таблица: ИДПнын айлар боюнча динамикасы**
*(учурдагы базар баалары менен)*

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 |
| Январь | 67 738,3 | 73 268,2 | 107,6 | 107,4 |
| Январь-февраль | 143 154,2 | 155 541,4 | 108,8 | 108,6 |
| Январь-март | 231 249,5 | 248 821,6 | 108,1 | 108,8 |
| Январь-апрель | 322 055,9 | 341 699,6 | 106,6 | 107,4 |
| Январь-май | 413 255,7 | 443 899,8 | 106,1 | 108,1 |
| Январь-июнь | 524 127,2 | 559 723,7 | 106,2 | 108,1 |
| Январь-июль | 637 591,3 | 677 123,1 | 105,9 | 108,7 |
| Январь-август | 760 667,6 | 797 726,7 | 106,1 | 106,6 |
| Январь-сентябрь | 900 030,5 | 951 770,8 | 106,8 | 108,4 |
| Январь-октябрь | 1 031 063,2 | 1 080 259,3 | 107,4 | 109,6 |
| Январь-ноябрь | 1 158 243,2 | 1 225 950,6 | 107,5 | 109,0 |
| Январь-декабрь | 1 333 730,0 | 1 523 235,8 | 109,0 | 109,0 |

Номиналдык ИДПнын түзүмүндө товарларды өндүрүүчү тармактардын үлүшү 2023-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу 0,3 пайыздык пунктка жогорулап 33,4 пайызды түздү. Муну менен катар курулуштун үлүшү 1,0 пайыздык пунктка өстү жана 8,3 пайызды түздү, өнөр жайдын үлүшү 0,2 пайыздык пунктка өстү жана 16,5 пайызды түздү, ушул эле учурда айыл чарбасынын үлүшү тескерисинче 0,9 пайыздык пунктка кыскарды жана 8,6 пайызды түздү.

Кызмат көрсөтүүчү тармактардын үлүшү 2023-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу жалпысынан 0,8 пайыздык пунктка өстү жана 52,1 пайызды түздү. Муну менен бирге финансылык ортомчулук жана камсыздандыруунун үлүшү 0,4 пайыздык пунктка жогорулады жана 5,7 пайызды түздү, ушул эле учурда кыймылсыз мүлк операцияларынын үлүшү тескерисинче 0,2 пайыздык пунктка кыскарды жана 5,0 пайызды түздү, мамлекеттик башкаруу жана коргоонун үлүшү 0,2 пайыздык пунктка кыскарды жана 5,2 пайызды түздү, ошондой эле билим берүү тармагынын үлүшү ушул убакыттын ичинде 0,7 пайыздык пунктка кыскарды жана 5,1 пайызды түздү.

Муну мене катар дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо тармактарынын үлүшү 1,0 пайыздык пунктка жогорулады жана 17,6 пайызды түздү, саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө тармактарынын үлүшү 0,3 пайыздык пунктка жогорулады жана 2,6 пайызды түздү, мейманканалардын жана ресторандардын ишмердигинин үлүшү 0,2 пайыздык пунктка жогорулады жана 2,1 пайызды түздү.

## 7-таблица: Январь-декабрдагы экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча ИДПнын өндүрүлүшү

*(учурдагы базар баалары менен)*

| | Млн. сом | | Пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | жыйынтыка карата | |
| | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 |
| **ИДП** | **1333730,0** | **1523235,8** | **109,0** | **109,0** | **100** | **100** |
| **Товар өндүрүү тармактары** | | | | | | |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 126 599,8 | 131 114,1 | 100,6 | 106,3 | 9,5 | 8,6 |
| Өнөр жай | 216 862,4 | 251 034,5 | 104,8 | 105,6 | 16,3 | 16,5 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 26 219,5 | 29 583,5 | 103,4 | 104,0 | 2,0 | 2,0 |
| Иштетүү өндүрүшү (Иштетүү өнөр жайы) | 167 537,8 | 192 149,6 | 104,6 | 104,4 | 12,6 | 12,6 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 20 571,6 | 26 289,5 | 108,2 | 115,8 | 1,5 | 1,7 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 2 533,5 | 3 011,9 | 104,8 | 117,7 | 0,2 | 0,2 |
| Курулуш | 97 683,6 | 125 855,1 | 122,7 | 118,0 | 7,3 | 8,3 |
| **Кызмат көрсөтүү тармактары** | | | | | | |
| Дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо | 220 851,8 | 267 499,3 | 116,2 | 116,3 | 16,6 | 17,6 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 40 573,0 | 46 816,1 | 107,7 | 105,5 | 3,0 | 3,1 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 24 720,7 | 32 607,3 | 125,6 | 128,3 | 1,9 | 2,1 |
| Маалымат жана байланыш | 33 469,7 | 36 461,7 | 111,3 | 106,7 | 2,5 | 2,4 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 71 092,8 | 87 328,1 | 109,1 | 112,8 | 5,3 | 5,7 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 68 990,9 | 75 417,6 | 101,4 | 103,5 | 5,2 | 5,0 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 15 547,1 | 19 548,1 | 100,6 | 107,0 | 1,2 | 1,3 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 7 165,1 | 7 268,2 | 102,1 | 97,4 | 0,5 | 0,5 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздандыруу | 71 841,9 | 78 967,6 | 99,9 | 100,0 | 5,4 | 5,2 |
| Билим берүү | 77 002,2 | 77 830,1 | 101,3 | 102,8 | 5,8 | 5,1 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 31 137,9 | 40 292,9 | 101,4 | 103,4 | 2,3 | 2,6 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 6 782,3 | 7 849,5 | 102,2 | 104,2 | 0,5 | 0,5 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 14 729,8 | 15 992,8 | 97,1 | 102,3 | 1,1 | 1,0 |
| Жалданма жумушчулары бар жеке үй чарбаларынын ишмердиги; жеке үй чарбалары тарабынан өз керектөөлөрү үчүн ар түрдүү товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү | 289,6 | 333,1 | 83,8 | 109,5 | 0,0 | 0,0 |
| **Продукттарга таза (субсидиялар эсептен алынган) салыктар** | 208 389,4 | 221 019,7 | 117,9 | 109,2 | 15,6 | 14,5 |

2024-жылдын январь-декабрындагы ИДПнын өсүшү товар өндүрүү тармактарынын, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн жана продукттардан алынган салыктар тарабынан камсыздалды. Мында 2023-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү өсүү темпи 9,3 пайызга, товар өндүрүү тармактарынын өсүү темпи 8,5 пайызга, ал эми продукттардан алынган салыктардын өсүү темпи 9,2 пайызга жогорулады.

**8-таблица: Январь-декабрдагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өндүрүлүшү**
*(учурдагы базар баалары менен)*

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 |
| **Базар бааларындагы ИДП** | **1 333 730,0** | **1 523 235,8** | **109,0** | **109,0** |
| Товарларды өндүрүү | 441 145,8 | 508 003,7 | 107,1 | 108,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү | 684 194,8 | 794 212,4 | 107,9 | 109,3 |
| рыноктук | 502 331,0 | 596 524,1 | 110,8 | 112,2 |
| рыноктук эмес | 181 863,8 | 197 688,3 | 100,7 | 101,4 |
| Продукттарга таза (субсидиялар эсептен алынган) салыктар | 208 389,4 | 221 019,7 | 117,9 | 109,2 |

2024-жылдын январь-декабрында ИДПнын дефлятору (экономиканын бардык тармактарынын бааларынын жалпыланган индекси) 104,7 пайызды түздү. Мында керектөө бааларынын индекси 105,0 пайызды, ал эми өнөр жай продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 112,4 пайызды түздү.

2024-жылдын январь-сентябрында *акыркы пайдалануу (чыгашалардын) ыкмасы менен эсептелген* ички дүң продукт (ИДП) алдын-ала маалыматтар боюнча 951,8 млрд. сомду түздү. Анын физикалык көлөмүнүн индекси 2023-жылдын январь-сентябрына карата 108,4 пайызды түздү. 2024-жылдын январь-сентябрында ИДПнын дефлятору 2023-жылдын январь-сентябрындагы бааларга карата 105,1 пайызды түздү.

**9-таблица: Акыркы пайдалануу ыкмасы менен эсептелген ИДП**
*(учурдагы базар баалары менен)*

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 |
| I квартал | 231 249,5 | 248 821,6 | 108,1 | 108,8 |
| II квартал | 292 877,7 | 310 902,1 | 104,9 | 107,6 |
| I жарым жылдык | 524 127,2 | 559 723,7 | 106,2 | 108,1 |
| III квартал | 375 903,3 | 392 047,1 | 107,4 | 108,9 |
| **Январь-сентябрь** | **900 030,5** | **951 770,8** | **106,8** | **108,4** |

Акыркы пайдалануу ыкмасы менен эсептелген ИДПнын түзүмүндө 2024-жылдын январь-сентябрында акыркы керектөөгө кеткен чыгашалар 2023-жылдын январь-сентябрына карата жалпысынан 9,4 пайызга, алардын ичинен үй чарбаларынын чыгашалары 11,3 пайызга, мамлекеттик мекемелердин чыгашалары 1,7 пайызга көбөйдү. Ошол эле учурда мамлекеттик башкаруу секторунун[1] жамааттык керектөөлөргө кеткен чыгашалары 1,7 пайызга кыскарды.

[1] Мамлекеттик башкаруу секторуна башкаруунун бардык деңгээлдериндеги мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигинин органдары, ошондой эле республикалык же региондук башкаруу органдарынын менчигинде турган жана республикалык же жергиликтүү бюджеттерден каржыланган мамлекеттик мекемелер кирет.

**10-таблица: Январь-сентябрдагы акыркы пайдалануу компоненттери боюнча эсептелген ИДП**

| | 2023 | | | 2024 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Пайыз менен | | | Пайыз менен | |
| | Млн. сом | мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | ИДПга карата | Млн. сом | мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | ИДПга карата |
| **Пайдаланылган ИДП** | **900 030,5** | **109,0** | **100** | **951 770,8** | **108,4** | **100** |
| Акыркы керектөө | 958 647,6 | 115,7 | 106,5 | 985 576,0 | 109,4 | 103,6 |
| Жеке керектөө | 888 198,1 | 116,9 | 98,7 | 912 439,0 | 110,3 | 95,9 |
| үй чарбалары | 801 090,3 | 118,8 | 89,0 | 827 511,4 | 111,3 | 86,9 |
| үй чарбаларды тейлеген коммерциялык эмес уюмдар (ҮЧТКЭУ) | 7 060,2 | 101,3 | 0,8 | 6 596,3 | 101,7 | 0,7 |
| Мамлекеттик мекемелер | 80 047,6 | 100,6 | 8,9 | 78 331,3 | 101,7 | 8,2 |
| Жамааттык керектөө | 70 449,5 | 99,6 | 7,8 | 73 137,0 | 98,3 | 7,7 |
| Дүң жыйын | 317 370,6 | 120,9 | 35,3 | 301 526,4 | 99,9 | 31,6 |
| Негизги капиталдын дүң жыйыны | 159 858,8 | 130,6 | 17,8 | 233 394,7 | 136,5 | 24,5 |
| Материалдык жүгүртүү каражат запастардын өзгөрүлүшү | 157 502,0 | 320,2 | 17,5 | 66 720,3 | 55,9 | 7,0 |
| Баалуулуктардын таза сатылып алынышы | 9,8 | 0,0 | 0,0 | 1 411,4 | 9,7 | 0,1 |
| Товарлардын жана тейлөөлөрдүн таза экспорту | -578 762,9 | 183,3 | -64,3 | -413 039,5 | 75,2 | -43,4 |
| Экспорт | 321 242,1 | 97,0 | 35,7 | 562 463,2 | 169,3 | 59,1 |
| Импорт | -900 005,0 | 137,6 | -100,0 | -975 502,7 | 109,1 | -102,5 |
| Статистикалык айырма | 202 775,2 | х | 22,5 | 77 707,9 | х | 8,2 |

2024-жылдын III кварталында *акыркы пайдалануу (чыгашалардын) ыкмасы менен эсептелген* ички дүң продукт (ИДП) алдын-ала маалыматтар боюнча 392,0 млрд. сомду түздү жана өткөн жылдын тийиштү мезгилине караганда 8,9 пайызга көбөйдү.

ИДПнын өсүшү акыркы керектөөнүн өсүшү менен шартталды, анын көлөмү ушул жылдын III кварталында 366,7 млрд. сомду түзүп, 2023-ж. ушул мезгилине салыштырмалуу 3,9 пайызга көбөйдү, алардын ичинен үй чарбалардын чыгашалары 314,3 млрд. сомду түзүп, 2023-ж. ушул мезгилине салыштырмалуу 4,7 пайызга көбөйгөн, ал эми мамлекеттик мекемелердин чыгашалары 1,8 пайызга көбөйдү. Ал эми мамлекеттик башкаруу секторунун жамааттык керектөөгө кеткен чыгымдары 3,7 пайызга төмөндөдү.

**11-таблица: III кварталдагы акыркы пайдалануу компоненттери боюнча эсептелген ИДП**

| | 2023 | | | 2024 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Млн. сом | пайыз менен | | Млн. сом | пайыз менен | |
| | | мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | ИДПга карата | | мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | ИДПга карата |
| **Пайдаланылган ИДП** | **375 903,3** | **107,4** | **100** | **392 047,1** | **108,9** | **100** |
| Акыркы керектөө | 359 646,5 | 105,0 | 95,7 | 366 674,7 | 103,9 | 93,5 |
| Жеке керектөө | 333 713,4 | 105,4 | 88,8 | 339 829,3 | 104,5 | 86,7 |
| үй чарбалары | 310 278,2 | 105,7 | 82,5 | 314 317,2 | 104,7 | 80,2 |

| | 2023 | | | 2024 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Млн. сом | пайыз менен | | Млн. сом | пайыз менен | |
| | | мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | ИДПга карата | | мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | ИДПга карата |
| үй чарбаларды тейлеген коммерциялык эмес уюмдар (ҮЧТКЭУ) | 2 720,4 | 100,5 | 0,7 | 2 084,1 | 107,6 | 0,5 |
| Мамлекеттик мекемелер | 20 714,8 | 101,8 | 5,5 | 23 428,0 | 101,8 | 6,0 |
| Жамааттык керектөө | 25 933,1 | 100,2 | 6,9 | 26 845,4 | 96,3 | 6,8 |
| Дүң жыйын | 162 071,3 | 131,2 | 43,1 | 114 295,9 | 74,2 | 29,2 |
| Негизги капиталдын дүң жыйыны | 80 724,0 | 126,6 | 21,5 | 103 133,5 | 127,5 | 26,3 |
| Материалдык жүгүртүү каражат запастардын өзгөрүлүшү | 81 343,2 | 302,2 | 21,6 | 10 888,5 | 13,1 | 2,8 |
| Баалуулуктардын таза сатылып алынышы | 4,1 | 0,0 | 0,0 | 273,9 | -2,0 | 0,1 |
| Товарлардын жана тейлөөлөрдүн таза экспорту | -220 700,5 | 171,0 | -58,7 | -69 289,1 | 41,2 | -17,7 |
| Экспорт | 124 788,8 | 80,6 | 33,2 | 226 652,0 | 168,7 | 57,8 |
| Импорт | -345 489,3 | 120,1 | -91,9 | -295 941,1 | 87,0 | -75,5 |
| Статистикалык айырма | 74 886,0 | x | 19,9 | -19 634,4 | x | -5,0 |

ИДПнын түзүмүндө эң көп үлүштүү үй чарбаларынын чыгашалары – 84,3 пайыз, ошондой эле дүң жыйын – 29,2 пайызды түздү.

**Өнөр жай.** 2024-жылдын январь-декабрында 585 275,8 млн. сом суммасында өнөр жай продукциялары өндүрүлдү, физикалык көлөмдүн индекси 2023-ж. январь-декабрына карата 105,5 пайызды, 2024-ж. ноябрына карата – 115,0 пайызды түздү. 2024-жылдын декабрында 70 600,8 млн. сом суммасында өнөр жай продукциялары өндүрүлдү, физикалык көлөмдүн индекси 2023-ж. декабрына карата 112,4 пайызды түздү.

**12-таблица: Январь-декабрдагы өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү**
*(млн. сом)*

| | 2023 | | 2024 | |
|---|---|---|---|---|
| | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь |
| **Бардыгы** | **57 025,0** | **503 283,2** | **70 600,8** | **585 275,8** |
| Пайдалуу кендерди казуу | 6 505,5 | 56 276,7 | 6 958,1 | 62 662,2 |
| Иштетүү өндүрүшү | 43 700,7 | 392 000,9 | 52 698,9 | 451 365,5 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 6 333,5 | 50 359,6 | 10 381,7 | 65 554,7 |
| Суу менен жабдуу, калдыктарды тазалоо, иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 485,3 | 4 646,0 | 562,1 | 5 693,4 |

Өнөр жай продукцияларынын көлөмүнүн 2023-ж. январь-декабрына салыштырмалуу өсүшү тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн (1,9 эсе), жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдар, полиграфиялык ишмердиктин (30,5 пайызга), фармацевтикалык продукцияларды өндүрүүнүн (21,7 пайызга), тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки азыктарын (20,1 пайызга), текстиль өндүрүшүнүн, кийим өндүрүүнүн (15,3 пайызга), резина, пластмасса буюмдарын жана курулуш материалдарын өндүрүүнүн (10,8 пайызга), электр энергия, газ, буу менен камсыз кылуунун (15,8 пайызга), ошондой эле пайдалуу кендерди казуунун (4,0 пайызга) өсүшү менен камсыздалды.

**13-таблица: Январь-декабрдагы өнөр жай продукцияларынын физикалык көлөмүнүн экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча индекси**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2023 | | 2024 | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь ноябрга карата |
| **Бардыгы** | **108,6** | **102,7** | **112,4** | **105,5** | **115,0** |
| **Пайдалуу кендерди казуу** | **103,3** | **103,1** | **123,9** | **104,0** | **111,5** |
| Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу | 96,0 | 113,2 | 112,0 | 103,6 | 101,0 |
| Чийки мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 86,3 | 102,5 | 120,0 | 98,8 | 117,3 |
| Металл рудасын казуу | 111,1 | 101,2 | 128,0 | 105,0 | 113,1 |
| Башка пайдалуу кендерди казуу | 125,5 | 121,4 | 125,7 | 123,6 | 104,5 |
| **Иштетүү өндүрүшү** | **110,5** | **102,0** | **109,7** | **104,4** | **114,8** |
| Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү | 107,7 | 105,7 | 120,3 | 120,1 | 94,5 |
| Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийимдерди, булгаары жана булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүү | 91,5 | 119,2 | 127,4 | 115,3 | 98,1 |
| Жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдар өндүрүшү, басмакана ишмердиги | 100,4 | 119,6 | 128,1 | 130,5 | 142,7 |
| Тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүү | 113,4 | 108,9 | 240,5 | 186,9 | 128,9 |
| Химиялык продукцияларды өндүрүү | 134,7 | 111,8 | 138,2 | 104,3 | 123,3 |
| Фармацевтикалык продукцияларды өндүрүү | 67,1 | 134,9 | 203,9 | 121,7 | 313,9 |
| Резина жана пластмасса буюмдар, башка металл эмес минералдык продукцияларды өндүрүү | 104,4 | 169,9 | 121,0 | 110,8 | 81,0 |
| Машина жана жабдуу өндүрүшүнөн башка негизги металл жана даяр металл буюмдарды өндүрүү | 114,1 | 89,0 | 103,8 | 96,4 | 131,4 |
| Компьютер, электрондук жана оптикалык жабдууларды өндүрүү | 249,2 | 157,6 | 24,5 | 305,3 | 40,8 |
| Электр жабдууларын өндүрүү | 72,0 | 91,8 | 72,7 | 80,5 | 101,8 |
| Машина жана жабдууларды өндүрүү | 124,1 | 73,9 | 210,9 | 148,0 | 342,3 |
| Транспорт каражаттарын өндүрүү | 99,3 | 106,1 | 25,1 | 48,9 | 37,5 |
| Өндүрүштүн башка тармактары, машина жана жабдууну оңдоо жана орнотуу | 125,8 | 122,6 | 94,6 | 102,6 | 102,9 |
| **Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)** | **102,6** | **108,4** | **121,4** | **115,8** | **123,2** |
| Электр энергия өндүрүү, аны берүү жана бөлүштүрүү | 91,7 | 107,3 | 113,2 | 116,4 | 117,3 |
| Газ өндүрүшү; газ жабдуу тутуму аркылуу газ түрүндөгү күйүүчү отунду бөлүштүрүү | 101,9 | 92,1 | 130,1 | 101,7 | 120,3 |
| Буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 159,7 | 135,8 | 155,6 | 130,4 | 152,9 |
| **Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу** | **111,6** | **105,8** | **119,4** | **117,7** | **109,1** |
| Сууну чогултуу, иштетүү, бөлүштүрүү (суу менен жабдуу) | 103,9 | 108,0 | 129,2 | 109,5 | 105,4 |
| Агын сууларды чогултуу, иштетүү | 150,3 | 134,0 | 107,3 | 131,9 | 99,6 |
| Калдыктарды чогултуу, иштетүү жана жок кылуу, кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 71,0 | 68,7 | 99,6 | 105,6 | 109,1 |
| Тазалоо жана башка калдыктарды иштетүү | 200,6 | 163,8 | 120,8 | 135,3 | 121,1 |

2024-жылдын январь-декабрында өнөр жай продукцияларынын физикалык көлөмүнүн өсүшү Ысык-Көл облусун кошпогондо, калган бардык региондордо белгиленди.

**14-таблица: Январь-декабрдагы өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы, млн. сом | | | | Физикалык көлөмдүн индекси, пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 | | 2024 | | 2023 | | 2024 | |
| | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь |
| **Кыргыз Республикасы** | **57 025,0** | **503 283,2** | **70 600,8** | **585 275,8** | **108,6** | **102,7** | **112,4** | **105,5** |
| Баткен облусу | 717,8 | 6 808,7 | 994,0 | 8 263,0 | 97,5 | 120,8 | 137,3 | 117,9 |
| Жалал-Абад облусу | 6 913,8 | 53 501,5 | 5 838,5 | 56 742,2 | 103,6 | 108,8 | 126,4 | 112,4 |
| Ысык-Көл облусу | 13 901,1 | 99 893,3 | 15 858,6 | 96 485,4 | 115,1 | 79,6 | 115,5 | 96,6 |
| Нарын облусу | 694,2 | 4 698,2 | 1 228,0 | 6 853,4 | 94,7 | 104,3 | 156,9 | 127,2 |
| Ош облусу | 1 240,2 | 17 356,2 | 1 783,7 | 19 336,1 | 156,2 | 117,1 | 145,0 | 108,9 |
| Талас облусу | 2 593,2 | 26 303,1 | 3 263,5 | 33 856,5 | 95,6 | 105,8 | 108,0 | 104,6 |
| Чүй облусу | 22 497,4 | 217 062,0 | 28 861,5 | 264 874,3 | 91,9 | 121,9 | 115,1 | 118,3 |
| Бишкек ш. | 7 427,5 | 70 372,1 | 11 390,0 | 88 848,4 | 127,1 | 121,5 | 130,5 | 112,3 |
| Ош ш. | 1 039,8 | 7 288,1 | 1 383,0 | 10 016,5 | 123,2 | 107,7 | 113,4 | 117,0 |

2024-жылдын январь-декабрында өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндө пайдалуу кендерди казуунун үлүшү 10,7 пайызды, иштетүү өндүрүшү – 77,1 пайызды, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо – 11,2 пайызды, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки заттарды алуу 1,0 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу* продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү 2024-ж. январь-декабрында 62 662,2 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси 2023-ж. январь-декабрына карата 104,0 пайызды, декабрда тиешелүүлүгүнө жараша 6 958,1 млн. сомду жана 123,9 пайызды түздү.

Мында башка пайдалуу кендерди казуунун көлөмү 2023-ж. январь-декабрына салыштырмалуу 23,6 пайызга, металл рудаларын казуунун көлөмү- 5,0 пайызга, таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) – 3,6 пайызга көбөйгөн.

Ошол эле убакта чийки мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү 1,2 пайызга төмөндөгөн.

**15-таблица: Январь-декабрдагы пайдалуу кендердин негизги түрлөрүнүн казылышы**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 | | 2024 | | 2023 | | 2024 | |
| | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь |
| **Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу** | | | | | | | | |
| Таш көмүр, миң т | 76,6 | 863,5 | 80,5 | 762,3 | 244,4 | 153,1 | 105,1 | 88,3 |
| Күрөң көмүр (лигнит), миң т | 434,9 | 3 262,3 | 497,0 | 3 634,0 | 77,2 | 101,3 | 114,3 | 111,4 |
| **Чийки мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү** | | | | | | | | |
| Чийки мунайзат, миң т | 25,7 | 302,7 | 30,8 | 299,0 | 86,4 | 102,8 | 119,8 | 98,8 |
| Суюк же газ түрүндөгү жаратылыш газы, млн. $м^3$ | 2,8 | 27,4 | 3,6 | 28,2 | 82,9 | 92,0 | 128,6 | 102,9 |

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 | | 2024 | | 2023 | | 2024 | |
| | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь |
| **Башка пайдалуу кендерди казуу** | | | | | | | | |
| Жаратылыш куму, миң т | 122,8 | 1 004,7 | 86,2 | 1 277,2 | 144,3 | 104,7 | 70,2 | 127,1 |
| Кесек шагыл, таштын күкүмдөрү, майда таш, шагыл, миң т | 204,9 | 2 000,8 | 253,4 | 2 350,6 | 125,1 | 131,2 | 123,6 | 117,5 |

*Иштетүү өндүрүшүнүн* продукцияларынын көлөмү 2024-ж. январь-декабрында 451 365,5 млн. сомду түздү, анын ичинде машина жана жабдууларды өндүрүүдөн башка негизги металл жана даяр металл буюмдарын өндүрүү - 261 251,1 млн. сомду (алардын жалпы көлөмүнүн 57,9 пайызы), тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки азыктарын өндүрүү - 87 358,7 млн. сомду (19,4 пайыз), резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү - 47 605,8 млн. сомду (10,5 пайыз), текстиль өндүрүшү, кийим жана бут кийим, булгаары жана булгаарыдан жасалган буюмдарды өндүрүү - 20 466,5 млн. сомду (4,5 пайызды), тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүү 14 672,8 млн. сомду (3,3 пайызды), жыгач жана кагаз буюмдары, полиграфиялык ишмердик - 5 839,1 млн.сомду (1,3 пайызды) түздү. Физикалык көлөмдүн индекси 2024-ж. январь-декабрында 2023-ж. январь-декабрына салыштырмалуу жалпысынан тармак боюнча 104,4 пайызды, ал эми 2023-ж. декабрына салыштырмалуу 109,7 пайызды түздү.

2024-жылдын январь-декабрында 2023-ж. январь-декабрына салыштырмалуу тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүүдөгү көлөмдүн көбөйүшү (1,9 эсе) бензинди (5,9 эсеге), дизел майын (49,3 пайызга) жана мазутту (21,0 пайызга) өндүрүүнүн өсүшү менен камсыздалган.

Жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдарды өндүрүүдөгү, полиграфиялык ишмердиктеги өсүш (30,5 пайызга) жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын чыгаруунун (13,3 пайызга) жана полиграфиялык ишмердиктин (1,6 эсе) көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалган.

Фармацевтикалык продукцияларды өндүрүүдө көлөмдүн (21,7 пайызга) көбөйүшү витаминдерди жана провитаминдерди (18,0 пайызга), ошондой эле дары-дармек каражаттарын өндүрүүнүн өсүшү (25,0 пайызга) менен камсыздалды.

Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки азыктарын өндүрүүдөгү көлөмдүн көбөйүшү (20,1 пайызга) сүт азыктарын (29,8 пайызга), өсүмдүк майлары жана малдын тоң майын (29,1 пайызга), эт азыктарын (24,7 пайызга), алкоголсуз суусундуктарды жана минералдык сууларды (27,2 пайызга), нан азыктарын жана бышырылган ун азыктарын (15,0 пайызга), ошондой эле ун жана дан (6,6 пайызга) өндүрүүнүн өсүшү менен шартталды.

Текстиль өндүрүшүндө, кийим-кече жана бут кийим, булгаары жана башка булгаары буюмдарын өндүрүүдө көлөмдүн көбөйүшү (15,3 пайызга), кийим тигүү өндүрүшүнүн (17,0 пайызга) өсүшү менен камсыздалды.

Резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүүдөгү көлөмдүн жогорулашы (10,8 пайызга) курулуш материалдарын өндүрүүнүн өсүшү (11,0 пайызга) менен шартталды. Цемент өндүрүү 4,4 пайызга көбөйдү.

Муну менен катар, түстүү металлдарды өндүрүүдө көлөмдүн төмөндөшү (5,3 пайызга) байкалган.

**16-таблица: Январь-декабрдагы иштетүү тармактарындагы продукциялардын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 | | 2024 | | 2023 | | 2024 | |
| | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь |
| **Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү** | | | | | | | | |
| Ири мүйүздүү малдын, чочконун, койдун, эчкинин, жылкынын эти жана тамак-аш субпродуктулары, жаңы союлган же муздатылган, т | 1 187,1 | 14 115,1 | 1 354,3 | 16 042,5 | 111,3 | 108,5 | 114,1 | 113,7 |
| Иштетилген суюк сүт, т | 2 869,3 | 42 236,7 | 4 710,8 | 54 874,6 | 47,8 | 74,5 | 164,2 | 129,9 |
| Кайнатылбаган (тазалан-баган) май жана өсүмдүк майлары, т | 564,1 | 6 571,2 | 894,4 | 8 039,9 | 52,3 | 109,2 | 158,6 | 122,4 |
| Дан эгиндердин жана башка өсүмдүктөрдүн уну; алардын аралашмасы жана байытылганы, миң т | 30,4 | 251,4 | 27,0 | 262,8 | 107,2 | 110,0 | 88,5 | 104,5 |
| Жаңы бышкан нан, миң т | 7,4 | 78,6 | 8,1 | 86,0 | 102,0 | 104,9 | 110,0 | 109,4 |
| Сыра, миң литр | 3 067,6 | 46 626,8 | 2 956,0 | 51 621,3 | 191,9 | 208,6 | 96,4 | 110,7 |
| Башка алкоголсуз суусундуктар (жемиш, жашылча, квас ж. б.), млн. литр | 11,3 | 213,1 | 17,6 | 272,7 | 114,7 | 147,2 | 156,0 | 128,0 |
| **Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийимдерди, булгаары, булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүү** | | | | | | | | |
| Кездемелер, миң. кв. м | 1 472,9 | 28 449,9 | 3 125,2 | 27 082,6 | 50,6 | 81,1 | 212,2 | 95,2 |
| Эркектер жана балдар үчүн сырткы кийимдер (трикотаж кийиминен башка), миң даана | 483,6 | 5 258,4 | 595,8 | 5 119,7 | 117,5 | 136,2 | 123,2 | 97,4 |
| Аялдар жана кыздар үчүн сырткы кийим (трикотаж кийиминен башка), миң даана | 1 487,7 | 16 151,5 | 1 884,2 | 17 730,0 | 149,3 | 159,3 | 126,6 | 109,8 |
| Ич кийимдер (трикотаж, машинадан же колго токулгандан башка), миң даана | 2 286,1 | 23 801,6 | 2 680,9 | 25 619,8 | 121,5 | 109,5 | 117,3 | 107,6 |
| Ири мүйүздүү малдын же жылкы тукумундагы жүнсүз жаныбарлардын терисинен жасалган булгаары, миң дм2 | 215,3 | 2 809,0 | 279,5 | 3 324,4 | 103,2 | 86,3 | 129,8 | 118,3 |
| Бут кийим, миң түгөй | 181,0 | 2 965,4 | 401,7 | 4 096,0 | 73,4 | 95,8 | 222,0 | 138,1 |

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 | | 2024 | | 2023 | | 2024 | |
| | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь |
| **Резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык азыктарды өндүрүү** | | | | | | | | |
| Бөтөлкө, флакон жана ушул өңдүү пластмассадан жасалган буюмдар, млн. даана | 64,4 | 780,4 | 32,1 | 604,2 | 172,6 | 161,4 | 49,8 | 77,4 |
| Пластмассадан жасалган эшик, терезе, алардын четиндеги жыгачтары, эшиктин босогосу, жалюзи жана ушул өңдүү буюмдар жана алардын бөлүктөрү, миң кв.м | 25,1 | 243,1 | 37,0 | 292,9 | 115,7 | 113,3 | 147,2 | 120,5 |
| Курулуш үчүн бетон буюмдары, миң т | 22,6 | 204,6 | 46,2 | 321,5 | 142,0 | 115,2 | 204,6 | 157,1 |
| Цемент, миң т | 117,9 | 2 969,6 | 129,6 | 3 099,0 | 120,6 | 111,3 | 109,9 | 104,4 |
| Отко чыдамдуу эмес керамикалык курулуш кирпичтери жана ушул өңдүү отко чыдамдуу эмес керамикалык буюмдар, млн. даана | 9,4 | 129,0 | 10,0 | 161,1 | 74,2 | 106,6 | 105,7 | 124,9 |
| **Машина жана жабдууларды өндүрүүдөн башка негизги металл жана даяр металл буюмдарын өндүрүү** | | | | | | | | |
| Металл конструкциялар жана алардын бөлүктөрү, т | 3 351,2 | 34 778,6 | 3 180,2 | 35 532,9 | 144,4 | 124,7 | 94,9 | 102,2 |
| Курама курулуш металл конструкциялары, т | 257,6 | 4 934,5 | 187,4 | 4 287,7 | 72,7 | 99,2 | 72,7 | 86,9 |
| Чатырдын панелдери (металл черепица), т | 771,0 | 4 773,8 | 688,7 | 5 251,0 | 219,7 | 147,8 | 89,3 | 110,0 |
| **Электр жабдууларын өндүрүү** | | | | | | | | |
| 16 кВА дан көп эмес кубаттуулуктагы башка трансформаторлор, даана | 1 009 | 19 778 | 1 671 | 23 378 | 169,8 | 133,0 | 165,6 | 118,2 |
| Үй тиричилик кир жуугуч машиналары, даана | 8 369 | 71 505 | 3 400 | 47 366 | 65,7 | 74,8 | 40,6 | 66,2 |

2024-жылдын январь-декабрында *электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун (жабдуу)* көлөмү 65 554,7 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси 2023-ж. январь-декабрына карата 115,8 пайызды, декабрда тиешелүүлүгүнө жараша 10 381,7 млн. сомду жана 121,4 пайызды түздү. Көлөмдүн жогорулашы электр энергиясын өндүрүүнүн, аны берүүнүн жана бөлүштүрүүнүн өсүшү (16,4 пайызга) менен камсыздалган.

**17-таблица: Январь-декабрдагы электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 | | 2024 | | 2023 | | 2024 | |
| | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь |
| Электр энергия, млн. кВт с | 1 667,8 | 13 826,8 | 2 182,7 | 14 700,4 | 81,0 | 99,8 | 130,9 | 106,3 |
| Буу жана ысык суу (жылуулук энергиясы), миң Гкал | 547,4 | 2 794,4 | 607,9 | 3 045,6 | 190,1 | 156,5 | 111,1 | 109,0 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү жана сатуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр (сатылып алынган электр энергиясынын наркы кошулбайт), млн. сом | 1 564,5 | 13 863,1 | 1 571,8 | 18 246,7 | 116,1 | 121,8 | 100,5 | 131,6 |
| Газ түрүндөгү күйүүчү отунду бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, магистралдан тышкары (сатылып алынган газдын наркы кошулбайт), млн. сом | 257,5 | 2 724,7 | 334,0 | 2 743,3 | 101,4 | 91,3 | 129,7 | 100,7 |

2024-жылдын январь-декабрында *суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки заттарды алуунун* көлөмү 5 693,4 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси 2023-ж. январь-декабрына карата 117,7 пайызды, декабрда тиешелүүлүгүнө жараша 562,1 млн. сомду жана 119,4 пайызды түздү. Көлөмдүн 2023-ж. январь-декабрына салыштырмалуу өсүшү сууну чогултуунун, кайра иштетүүнүн жана бөлүштүрүүнүн 9,5 пайызга, ошондой эле саркынды сууларды чогултуунун жана иштетүүнүн 31,9 пайызга көбөйүшү менен камсыздалды.

**18-таблица: Январь-декабрдагы суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 | | 2024 | | 2023 | | 2024 | |
| | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь | декабрь | январь-декабрь |
| Жаратылыш суусу, млн. м3 | 14,4 | 174,7 | 18,5 | 193,5 | 102,3 | 106,3 | 128,5 | 110,8 |
| Калдыктарды жана металл сыныктарын (кара, түстүү) кайра иштетүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, млн. сом | 41,5 | 338,6 | 20,6 | 264,2 | 32,4 | 36,8 | 49,7 | 78,0 |
| Канализация, жок кылуу, агын сууларды ташуу жана аларды иштетүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, млн. сом | 63,1 | 567,6 | 68,1 | 747,7 | 148,4 | 133,8 | 108,0 | 131,7 |
| Айлана-чөйрөдөгү булгоолордон рекультивациялоо (калыбына келтирүү) жана тазалоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр, млн. сом | 99,7 | 902,9 | 120,4 | 1221,3 | 200,6 | 163,8 | 120,8 | 135,3 |

**Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук.** 2024-жылдын январь-декабрында айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук продукцияларынын дүӊ чыгарылышы 395 637,1 млн. сом өлчөмүндө түзүлдү, мында физикалык көлөмдүн индекси былтыркы жылдын тийиштуу мезгилине карата 106,3 пайызды түздү.

**19-таблица: Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук продукцияларынын физикалык көлөмүнүн индекси**

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 |
| Январь | 102,0 | 101,5 | - | - |
| Февраль | 102,2 | 101,7 | 105,6 | 104,5 |
| Январь-февраль | 102,1 | 101,6 | - | - |
| Март | 102,6 | 103,0 | 113,9 | 111,8 |
| Январь-март | 102,3 | 102,1 | - | - |
| Апрель | 103,4 | 103,9 | 107,3 | 102,0 |
| Январь-апрель | 102,6 | 102,6 | - | - |
| Май | 103,0 | 109,5 | 126,7 | 148,7 |
| Январь-май | 102,7 | 104,5 | - | - |
| Июнь | 102,4 | 106,6 | 148,2 | 163,9 |
| Январь-июнь | 102,6 | 105,1 | - | - |
| Июль | 92,9 | 108,7 | 180,2 | 169,5 |
| Январь-июль | 99,2 | 106,3 | - | - |
| Август | 99,8 | 107,3 | 109,2 | 108,1 |
| Январь-август | 99,3 | 106,6 | - | - |
| Сентябрь | 103,3 | 107,4 | 167,3 | 147,0 |
| Январь-сентябрь | 100,5 | 106,8 | - | - |
| Октябрь | 101,7 | 105,7 | 58,7 | 52,4 |
| Январь-октябрь | 100,7 | 106,6 | - | - |
| Ноябрь | 101,1 | 103,9 | 47,5 | 54,5 |
| Январь-ноябрь | 100,7 | 106,5 | - | - |
| Декабрь | 97,9 | 102,9 | 77,8 | 84,0 |
| Январь-декабрь | 100,6 | 106,3 | - | - |

Үстүбүздөгү жылдын январь-декабрында айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жалпы көлөмүндө мал чарба продукциялары 48,8 пайызды, өсүмдүк өстүрүүчүлүк – 46,7 пайызды, токой чарбасы - 0,3 пайызды, балык уулоочулук – 1,7 пайызды жана кызмат көрсөтүүлөр 2,5 пайызды түздү.

Дыйкан (фермер) чарбаларынын жана жарандардын жеке көмөкчү чарбаларынын үлүшүнө продукциялардын жалпы көлөмүнүн 92,2 пайызы туура келди.

Быйылкы жылдын январь-декабрында айыл чарба продукцияларынын дүӊ чыгарылышынын көлөмүнүн өсүүсү мал чарба тармагынын продукцияларын өндүрүүнүн 3,1 пайызга жана өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукциялары 10,3 пайызга көбөйүшү менен шартталды.

**20-таблица: 2024-жылдын январь-декабрындагы айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук продукцияларынын аймактар боюнча дүӊ чыгарылышы**

| | Млн. сом (учурдагы баа менен) | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **395 637,1** | **106,3** | **100,0** |
| Баткен облусу | 27 512,7 | 106,1 | 7,0 |
| Жалал-Абад облусу | 76 302,7 | 104,4 | 19,3 |
| Ысык-Көл облусу | 48 829,7 | 104,7 | 12,3 |
| Нарын облусу | 28 839,3 | 102,5 | 7,3 |
| Ош облусу | 71 005,3 | 104,6 | 17,9 |

| | Млн. сом (учурдагы баа менен) | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| Талас облусу | 30 416,3 | 101,1 | 7,7 |
| Чүй облусу | 103 328,6 | 112,7 | 26,1 |
| Бишкек ш. | 6 542,6 | 102,3 | 1,7 |
| Ош ш. | 2 859,7 | 103,7 | 0,7 |

Республиканын айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук продукцияларынын дүң чыгарылышынын жалпы көлөмүндөгү эң жогорку салыштырма салмакты Чүй облусу (26,1 пайызды) ээледи.

2024-жылы жалпы республика боюнча айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жалпы айдалган аянты 1 246,7 миң гектарды түзүп, өткөн жылга салыштырганда 8,8 миң гектарга же 0,7 пайызга көбөйгөн.

Айдоо аянтынын түзүмүндө дан эгиндери (дан буурчак өсүмдүктөрү, күрүч жана гречихасыз) 602,9 миң гектарды (бардык себилген аянттын 48,4 пайызды) ээлеп, дан буурчак өсүмдүктөр тиешелүүлүгүнө жараша 53,2 миң (4,3 пайызды), май өсүмдүктөрү– 14,3 миң (1,1 пайызды), пахта – 12,9 миң (1,0 пайызды), кант кызылчасы (фабрикалык) – 13,5 миң (1,1 пайызды), картошка – 66,4 миң (5,3 пайызды), жашылча өсүмдүктөрү – 54,8 миң (4,4 пайызды), башка өсүмдүктөр (күрүч, бакча жана башкалар) – 23,1 миң (1,9 пайызды) жана тоют өсүмдүктөрү- 404,3 миң гектарды (32,4 пайызды) түздү.

2023-жылга салыштырмалуу арпанын эң чоң өлчөмдө себилген аянты 8,7 миң гектарга же 3,6 пайызга, буудайдын 8,6 миң гектарга же 3,7 пайызга көбөйгөн.

2024 - жылы 587,7 гектардагы дан өсүмдүктөрү эсептен чыгарылган, анын ичинен 330 гектар буудай, 250 гектар арпа, 7,7 гектар жүгөрү. Алардын негизги себептери катуу кайрак жерлерге сейрек чыгышы, ошондой эле табийгый кырсыктарга жакындыгы (мөндүр, сел, ысык, үшүк) болуп эсептелди.

